Билим берүү сапатын баалоо жана маалымат технологияларынын улуттук борбору
КР ББИМ

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

**(окутуу орус, өзбек, тажик тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн)**

## 10-класс №2-вариант

**№1. Татаал сүйлөмдүн түрүн белгиле.**
***Быйыл жаз эрте келгендиктен, жазгы талаа жумуштары да эрте башталды.***
а) орун багыныңкы сүйлөм
б) мезгил багыныңкы сүйлөм
в) себеп багыныңкы сүйлөм
г) максат багыныңкы сүйлөм

**№2. Багыныңкы сүйлөмдүн түрүн белгиле.**
***Ай сүттөй жарык тийгендиктен, айлана дапдаана көрүнөт.***
а) Себеп багыныңкы сүйлөм
б) Максат багыныңкы сүйлөм
в) Шарттуу багыныңкы сүйлөм
г) Мезгил багыныңкы сүйлөм

**№3. Багыныңкы сүйлөмдүн түрүн белгиле.**
***Алтын кайдан чыкса, ошол жерди каз.***
а) Сыпат багыныңкы сүйлөм
б) Орун багыныңкы сүйлөм
в) Шарттуу багыныңкы сүйлөм
г) Карама-каршы багыныңкы сүйлөм

**№4. Мезгил багыныңкы сүйлөмдү белгиле.**
а) Жашасын биздин мекенибиз Кыргызстан!
б) Балдар келген убакта, айлананы туман каптап турган.
в) Сиз дагы ошол эле убактарда келесизби?
г) Бекназар кирбесе, класста жымжырт болгонсуп турчу.

**№5. Карама-каршы багыныңкы сүйлөмдүн баш сүйлөмүн белгиле.**
***Күндүн нуру болбосо, гүлдөр кайдан ачылсын!***
а) Күндүн нуру болбосо
б) гүлдөр кайдан ачылсын
в) нуру болбосо, ачылсын
г) Күн, гүлдөр болбосо

**№6. Багыныңкы сүйлөмдүн түрүн белгиле.**
***Сезим эртең келсе, жыйналыш өтөбүз.***
а) Мезгил багыныңкы сүйлөм
б) Себеп багыныңкы сүйлөм
в) Шарттуу багыныңкы сүйлөм
г) Максат багыныңкы сүйлөм

**№7. Карама-каршы багыныңкы сүйлөмдүн баш сүйлөмүн белгиле.**
**Шашып барсак да, автобуска жетишпей калдык.**
а) Шашып барсак да,
б) барсак да, жетишпей калдык.
в) автобуска жетишпей калдык.
г) Шашып да, жетишпей калдык.

**Маекти окуп,суроолорго жооп бергиле.**

**Ильяс менен Акылай**

И.: – Сен бүгүн кечинде бош болосуңбу?
А.: – Жок, Ильяс, эмне болду?
И.:– Жүр, киного барып келели, бүгүн «Курманжан Датка» фильми болот экен.
А.: – Мен operaга барат элем.
И.: – Акылай, мен билетти «Ала-Тоо» кинотеатрына алдым, баралычы, кызыктуу кино экен.
А.: – Андай болсо, барып келели. Ай-ий, Ильяс, унутуп калыптырмын, бүгүн иниме жардам беришим керек болчу. Жакында ал экзамен тапшырат.
И.: – Иниң менен сүйлөшчү, суранам.
А.: – Макул, сүйлөшөм.

**№8. Ильяс каякка барууну сунуштады?**
а) балетке
б) операга
в) киного
г) театрга

**№9. Ильяс кайсы маалда чалды?**
а) Күндүз
б) Кечинде
в) Күүгүмдө
г)Түндө

**№10. Жакында ким экзамен тапшырат?**
а) Ильястын иниси
б) Акылай
в) Акылайдын иниси
г) Айдар